Д Кырг2
М13

Азимкан Маделиев

# Ак бантик





В Кир(2)
М 13

Азимкан Маделиев

# АК БАНТИК

*Аңгемелер*

Ала-Букинская
районная
библиотека
Инв. №



АЛА-БУКА РАЙОНУНУН
БАЛДАР
Инв. №
и. ш

Фрунзе «Мектеп» 1986



84. Ки 7—44
М 13

Бөбөктөр үчүн

Сүрөтчүсү *Алмаз Дуванаев*

**Маделиев Азимкан.**

М 13 Ак бантик: Аңгемелер: Бөбөктөр үчүн /Сүрөтчүсү Алмаз Дуванаев.—Ф.: Мектеп, 1986.—40 бет.: сүрөт.

4803010200—081
М————————82.86
М 452(17)—86

ББК 84 Ки 7—44

Рецензенти *Кудайберген Жапаров*

© «Мектеп» басмасы, 1986 ж.

## ЖАЗА

Адыл бетин басып тызылдап чуркап келатты. Артынан безилдеп кууган итке да кылчайып койгон жок. Демейде ал дегеле иттен коркчу эмес. Короонун тегерегин тосуп жаткан чоң атасы Адылдын бул жоругуна таңдана:

— Ой, тамакка чакырып таба алчу эмес элек, сени кайсы шайтан кууп келе жатат? — деп карсылдап күлдү. Адыл болсо ызасына чыдабай көзүнө жаш тегеретти:

— Бал челектен бал жейли десек, көп аарылар Кадыр экөөбүздү талап кирди. Араң кутулуп... Экинчи минтпейм, ата!

— Сергей чал өзү деле суратпай берип жүрөт го. Ай, чунактар, ай! Уурулуктун жазасы ошондой ачуу болот. Сезсеңер ошону...

## АР КИМДИН ӨЗ ОРДУ БАР

Айжан эшикке чыкты. Байлануу жаткан күчүгүнүн бошонууга аракеттенип кыңшылаганын көрдү. Ага боору оорудубу, аядыбы, айтор, үйүнө чуркап кирип, мышыгын көтөрүп келди да, күчүгүнүн ордуна байлады. Күчүгүн үйүнө алып кирип, улагага төшөк







салып, ордун жумшактады. Тамак берди.

— Сен эми дайыма үйдө болосуң. Мышык сенин ордуңда болот, — деди боору ачыгандай эркелетип. Ошол маалда бир чычкан үй ичин аралай чапты.

Айжан дароо күчүгүн карады. Күчүгү чычканга көңүл буруп да койгон жок. Кайра тамак үмүт этип, анын колун карайт. Айжан күчүгүн дароо эшикке алып чыкты.

Мышыгын караса, үй кайтармак түгүл, күнгө кактанып кырылдап уктап жатат. Мышыгын бошотуп, күчүгүн өз ордуна байлады. Ар кимдин өз орду бар экенин Айжан ошондон кийин гана түшүндү.

## ЖАҢЫ ТУФЛИ

Майрамдын алдында Айгүлгө атасы туфли сатып келди. Ошондогу Айгүлдүн сүйүнгөнүн айтпа. Атасы ага боосун бантик кылып байлаганды да үйрөттү.

Айгүл ошол күнү издеп келген курбуларына туфлисин көргөзмөк болуп, үйүнө чуркап кирди. Үйүндө ата-энеси жок эле. Туфлисин өзү каткан жеринен таап кийип, боосун атасы үйрөткөндөй кылып байлай баштады. Канча жолу байласа да бантигинин улам

бир жагы серейип, атасынын байлаганындай кооз болбоду. Анан ал узун болуп калган учун кесе берип, боону байлоого таптакыр жаратпай таштады. Өзү да мунусуна аябай кейип, ыйлай берди.

Эшикте күтүп турган курбулары аны эми эмне дешет?

## МОРТ КӨЙНӨК

Өткөн эле базарда алып берген жапжаңы көйнөгүн Нурлан балдар менен кармаша кетип айрып алды. Аны көргөн апасы ачууланды:

— О оңбогур десе, алдагы жапжаңы көйнөгүңдү бир кийбей жатып айрыпсың го?!

— Өзүңүз кийгизип жатканда «Жаның бек болсун, көйнөгүң морт болсун!» дейсиз да, эми урушасыз. Уруша турганыңызды билгенде кийбейт болчумун, — деп көзүнө жаш тегеретти ал.





# РОЗАДАЙ КЫЗАРГАНДА

Кечээ көлгө түшөбүз деп сүйлөшкөн боюнча күн көтөрүлгөндө мен Назардыкына бардым. Барсам, ал уктап жатыптыр. Үйүнүн тегерегинде эч ким көрүнбөйт. Эки көзүм короосундагы кыпкызыл роза гүлдөрүнө урунду. Нуржан эжейиме белек кылып бергим келип кетти. Эки жагымды карасам эч ким көрүнбөйт, тосмодон ашып түшүп гүлдөрдү үзө баштадым.

Сабагынын үзүлүшү кыйын болгондуктан, тишим менен кырчып алууга туура келди. Экинчисин да ошентейин дегенде, Назардын апасы сыртка чыгып калды... Анан ал күлүмсүрөп:

— Акимжан балам, розаны бычак менен кесет. Тишиңди оорутуп алдың ээ... — деди мага. Мен эмне дээримди билбей, колумда бир тал гүлдү кармалап туруп калыпмын. Өңүм дал ошол гүлдөй кыпкызыл болуп чыкканын өзүм да сездим...





# УНУТЧААК

Үй-бүлө тамактануу үчүн дасторконду тегеректей олтурушту. Кубат да бети-колун таза жууп, эжесинин катарынан орун алды. Тартип боюнча эң мурда атасына, анан эжесине, эң арты Кубатка куюлду. Бир кезде кашыгын колуна кармаган бойдон тышка чуркап чыгып кетти. Бул жоругу олтургандарды таңгалдырды. Качан гана Кубат үйгө кайра киргенде, атасы ага:

— Тамак ичер маалда эшикке чыкпа деп жүрбөйүмбү, — деп жемелүү карады.

— Кашыкты эжем жуубаган экен, ошону жууп келдим, — деди Кубат күнөөлүү шылкыйып. Катарында тамак ичип олтурган эжеси кызарып, «мен унутуп...» — деп мукактана мойнуна алды. Жанатан уулуна ачууланып олтурган атасы эми кызына таңдануу менен карап койду.



## ЖАТЫП АЛГАН МЫШЫК

Канат сүрөт тартылган бир баракты көтөрүп алып, чоң энесине көрсөттү:

— Чоң эне, бул мышыктын сүрөтүн карачы, мен өзүм тарттым, — деди.

Чоң энеси көз айнегин тагынып, сүрөткө тигилди:

— Оо каралдым, кулагы, көзү, оозу, куйругу бар экен, а мунун буту кайда?

— Мен тартып жатканда, ал жатып алган болчу, — деди Канат мурчуя.



## КИШИ ЭМЕСМИН

— Абдыш! О, Абдыш! — деп сырттан ат-чан адам терезени камчынын учу менен ургу-лады. Ээн үйдө таргыл мышыгы менен ойноп жаткан Турат терезеге чуркап барып:

— Атам үйдө жок, — деди.

— Калыйманчы?

— Апам да жок.

— Үйдө деги киши барбы?

— Киши жок, мен элемин...

— Сен киши эмей кимсиң?

— Киши эмесмин, баламын да, — деди Турат таңыркаган түр менен.




## КӨК АСМАН

Көнөктөп жааган жамгыр чын эле уйку келтиреби, билбейм, уктап калыптырмын. Мен турсам, жамгыр басылып, күн нуру бүткүл чөптөрдү, тамдарды, тоолорду, бактарды кубулта жаркыратып салыптыр. Менин да көңүлүм көтөрүлүп, эшикке көңүлдүү чыктым. Аба укмуштуудай таптаза. Куштар үнү ушу коолдукту коштоп чурулдашат.

Багалегимди түрүп алып өйдө-төмөн ч... кадым. Кубанычымда чек жок. Аңгыча кул... гыма каркыралардын үнү угулуп калды. Д... роо асманга көз жибердим. Көгүлтүр асман... кудум киши тизгендей кыркаар тартып каркыралар чыгышка беттеп учуп бара жатыш... Жаандан соң асман бир башкача тунук, би... башкача көгүлтүр.

Асмандын ушунчалык көк экендиги... чексиз экендигин ошондо гана байкады...

Куштар учуп бараткан

Кандай сонун көк асман! — деген ы... саптары көңүлүмө келе калды. «Аттин а... жанымда кагаз-калемим болсочу», — деп өк... нүп да алдым. Мен бул ырымды үйгө барганд... сөзсүз улаймын. Мүмкүн, бул асман тууралу... дурус ыр болор...





## ТЕКЕНИ ДА КОРКУТАТ

Жайдын күнү эле. Күн көтөрүлүп калган Абас таякем, Сагынбек, Абийлер биздин үйдүн жанындагы көк майсанга чогулуп калышты. Биз өзүбүзчө Медет, Жунуш, Назар болуп ойноп жатканбыз. Абас таяке келээр замат эле мени мактай баштады. Көрсө, менин мактоо көтөрөөрүмдү билет тура.

— Оо, Азимби, Азим сүзгөндө эчки-теке-
лер тоголонуп-тоголонуп кетет. Ал тургу
тамды да оё сүзөт. Карап тургулачы, мына
азыр сүзөт. Көрдүңөрбү, даярданып жатат.
Мындай болгула. Эми артка барып күүлөнүп
келип сүзөт.

Беркилер тургандар да таңдангандай:

— Кана, кантип сүзөт, — деп коюшат.
Мен бир чети жолдош балдарымдан тарткын-
чыктап, анын үстүнө мурда тамды катуу сү-
зүп алып жалкып калгам. — Мына көрдүңөр-
бү, казыр мени сүзөт. Өзөрүп калбагай элем, —
деп кыйшайып койду. Кыйшайганынан улам-
бы, же мактоо жетиштиби, айтор, өзүм да
кызыгып кетип, чын эле аны сүзүп кирдим.
Ал болсо күлүп, качымыш болуп чоң бакты
көргөзө:

— Мобул жерди сүзөт, — деп койду. Мен
эми чын эле бакты тарс сүзүп калдым. Башым
катуу ооруса да, тиги жолдошторума сыр бил-
гизбейм. Алар дуу күлүп жатышты.

Анын эртеси бир эчки кичинекей эки ула-
гын ээрчитип жол боюнда аркандалып турун-
тур. Анын тушунан жакшы эле өтүп кеткем.
Бирок кечээ Абас таякенин «эчки-текени да
сүзсө тоголонуп-тоголонуп кетет» деген сөзү
эсиме кылт эте түшкөнү. Эчки жакка кайрыл-
сам ал мени менен сүзүшмөк тургай биякка

карап да койбойт. Анан мен эрдемсинип, чын эле коркуп жатат деген кыяста, «маа-маа», — деп башымды кыйшаландатып эчкиге жакындап койдум. Эчки улактарды кызгандыбы, көзүн ала чакмактата карап, анан так секирип келип сүзгөндө, көзүмдөн от чагылып кулап түштүм. Улам турайын десем болбой тоголото аркандалган жиби жетпей калганча сүзүп келди.

А мен болсо сүзгөнгө бир да чамам келбей, а түгүл ошол учурда кантип кутулуунун айласын издеп калдым.

Көрсө, таякем мени эркелетчү тура...



АЛА-БУКА РАЙОНУНДАГЫ БКТ
БАЛДАР [illegible]
Инв. №

Ала-Букинская
районная
библиотека
Инв. № Ф271-5



## АТ МИНҮҮ

Жездем келгенде менин сүйүнгөнүмдү айтпа. Өгүнү келгенде ат минем деп ээрчип ыйлаганымда, эмки келгенимде мингизем деп убада берип кеткен. Чоң кишилер калп айтпайт тура. Атынан түшүп таякем менен учурашып, атын чоң бакка байламак болду. Жанына дароо жетип барып, өгүнкү убадасын эскертип, мен, эле откозуп турайынчы дедим. Жездем эч нерсе дебестен ооздугун чыгарып, жүгөнүн башына ороп, чылбырын гана карматып, чокчолой баатырдай кылып атка мингизип койду. Анан алыс кетпе деп эскертти. Үзөңгүсүнө бут жетмек кайда. Ошого да ыраазымын. Айтор, жол жү-

рүп ачыгып келгендиктенби — көк бедени бурдап-бурдап сугунуп жатты. Мен кыңылдап бейкапар откозуп жүрөм. Кээде чылбырды кере тартып, шапкемди тетири кийип, колумду өйдө көтөрүп кылыч чапкан сымал шилтеп, колум жеткен жалбырактарды чабам. Ат улам жылган сайын башым тие турган бутактардан кылычтан коргонгонсуп жата калам. Койчу деги, өзүмчө эле эч кимге алдырбас атчан баатырмын. Анын үстүнө кечээки 20—30 киши батуучу мектепте болгон Чапаев жөнүндө кино көз алдыма тартыла, Чапаевче колумду артыма жая көтөрүп «ура-аа!» — деп кыйкырып жатсам, атым көк бедени көп жерин кубалап, калың шабдалы багына кирип баратат. Бутактары эми мени шыпырып түшчүдөй жапыс жерге туш келдим. Чылбырымды тартсам тоотуп койбойт. Мен эми эңкейип өбөктөп ээрдин башын бекем кармап барам. Бир кезде дал желкемден шабдалынын сынган бутагына илинип калсам болобу. Аттын күчтүүлүгү ай! Менин шабдалыга илингенимди чырпык сынгандай да көрбөй беттеген жагына кете берди. Мен бутакка илинген калыбымда: «жез-дее-ее», — деп кыйкырып жаттым...

Ошондон кийин ат мингиз дегенди койгом.

# АК БАНТИК

Аида менен Лира ар дайым бирге ойноп, бирге жүрүшчү. Бүгүн экөө негедир чатак-ташып кетишти. Чынында бул чатакка Аида күнөөлүү болучу. Аидага окуу жылы башталганда атасы аппак бантик сатып келип берген. Окуу да башталды. Эртең менен эрте эжелерин кыйнап жатып ал дайыма бантигин байланып баручу. Кийинчерээк сонуну тар-кап, бантигин бирде тагынса, бирде сумкасына салып мектепке барып жүрдү. Чатак мына ошол бантигин китеп баштыгына салып жүр-



гөндүгүнөн чыкты. Апакай ак бантик байланып жүргөн Лираны көрүп, Аида дароо китеп баштыгын карады. Караса бантиги жок. Анан түз эле Лирага бир тийди.

— Сен кечээ биздикинде ойноп жатканда менин бантигимди уурдап кетипсиң. Алдагы менин бантигим, бергин болбосо эжейге айтам. — Лира болсо мукактанып:

— Аида, сенин уятың жок экен. Кантип эле сенин бантигиңди уурдайын. Мага да атам кечээ сатып келди, — деди ыйламсырап. Аида болсо «уурдадың, бер!» — дей берип акыры Лира тагынган бантикти алып тынды.

Кечинде апасы үйдү жыйнап-терип жатып шкафтын алдынан ак бантик сууруп чыгып:

— Ушу Аиданыкы өттү. Өз кийимин, өз буюмдарын иреттеп катып албай... — деп ачууланды. Апасынын колундагы бантикти көрө коюп Аида ыйлап жиберди. Нарыда газета окуп олтурган атасы Аидага болушуп, аялына кобурады. Апасы болсо:

— Кызыңа тийген-эткен жокмун. Бантигин таап берсем, ыйлап жатат, — деди. Аида бир топко басылбады. Ата-энеси «буга эмне болуп кетти?» — дешип таң калышты. Маселенин төркүнү кийин гана түшүнүктүү болду...

## ТААРЫНЫП КАЛДЫБЫ?

Таалай короодон эшикке чуркап чыкты. Анткени апасы жумуштан келе жаткан. Апасы уулунун бетинен сүйүп:

— Керез кана? Же ал чоң кыз болуп, үй жыйнап, короо шыпырып жатабы? — деди.

— Керезби? Ал экөөбүз таарынышып калдык. Жанагы сиз катып кеткен «ирис» момпосуйдан мага бербей өзү жейт, тим эле. Анан ачуум келип: сен уурусуң десем, мага



тилин көргүздү. А мен бир тээп качып кеттим, — деп бир бутун серек эттире көтөрүп койду. Апасы уулунун алмаштырылып кийилген эки туфлисин көрүп минтти:

— Биринчиден, эжекесин теппейт, билесиңби, тепсе эмне болорун?

— Эмне болот?

— Туфлилериң таарынат, сенин жаман жоругуңа. Ошондуктан экөө Керез менен сага окшоп эки башка жакты карап калат.

Таалай «ырас эле ошентет окшойт» деп ишенип калды.



## ФУТБОЛИСТ КОҢУЗДАР

Эшиктен энтиге чуркап кирген Эмилбек ийик ийрип олтурган чоң энесин шаштырды:

— Чоң эне, жүрсөңүз эшикке. Бир кызык көргөзөм. Болсоңуз, эми. — Чоң эне болсо адатынча шашпай гана ийигин бурчка жөлөп:

— Ия, кайда барам?

— Болуңуз, чоң эне, кетип калат.

Эмилбек менен чоң энеси келгиче, коңуз бир топ узап, чөп-чардын арасына кирип кеткен. Эмилбек чебелектеп:

— Азыр эле ушул жерден көргөм, — деп жер тиктеп бирдемени издейт.

— Эмнени көрдүң эле?

— Коңузду. Топ тепкен коңузду.

— Коңуз көрбөй жүрдүң беле, кишини убара кылып...

— Мына! Чоң эне, келсеңиз. Көрдүңүзбү тобу чөптөрдү жапырып баратат. Буттары күчтүү окшойт ээ, чоң эне. Коңуздар да топ тебишеби? — Кык тоголотуп бараткан коңузду көрүп, чоң энеси:

— Бул топ алардын кышкы оокаты. Кышка даярданып жатышкан турбайбы. А сен болсо оокат менен ишиң жок керели-кечке топ тебе бересиң, — деди ойлонуп калган небересин карап.





## ТАРГЫЛ МЫШЫКТЫН ТҮРҮ

Жүктүн үстүндө жаткан таргыл мышык тез эле мемиреп уйкуга кетти. Көзү жумулаар замат түш көрөт. Түшүндө сан жеткис чычкандар колдорун боорлоруна алышып тигинин алдында бөжөктөшөт:

— Момолой баатыр! Сизди бизге хан болуп келет деп үч уктаса түшүбүздө жок эле. Ыракым этиңиз, кечириңиз. Буйругуңуз ар дайым аткарылат.

Аңгыча алдына бир кесе сүт, жыгач табакка толо эт, май, чучук келди булоолонуп. Таргыл ыракаттана сүттү тартып жиберип.

эми эттен алаарда, эшик шарт ачылып, сары күчүк кирди. Момолой баатырдын эти колунан ыргып, өзү тактысынан тура сала шыпка секирди. Чочуп ойгонсо, чын эле шыпта жабышып туруптур. Ошондо момолой:

— Ох, сары күчүк болбой сандалып калгыр. Сен урган болбогонуңда эттин баарын жеп салат элем, — деп жаланып-жаланып коюп кайра уйкуга кетти мемиреп...



## ТРАКТОР

Абыл менен Мурат багалектерин түрүнүшүп, ылайга баткан дөңгөлөктүн алдына улам айланган сайын таш ыргытып жатышты. Бирок дөңгөлөк артка-алдыга канчалык жан талашып айланса да, бир ордунда. Алкашалка түшкөн Абыл Муратка бир ой тапкандай шаша кыйкырды:

— Мурат, жүр, тетиги чырпыктарды апкелип салабыз. — Экөө бутактарды алдарынын жетишинче сүйрөп келишип дөңгөлөк алдына ыргытышты. А дөңгөлөк ал чырпыктарды кычырата ылай арасына алып кетет да, артына ыргытып салат. Аңгыча төмөндөн өжөрлөнө өкүрүп келе жаткан машинаны көрүштү.

— Ураа! Азыр сүйрөп чыгат, — деп Абыл сүйүнүп кетти. Анткени тыгылып жаткан Абылдын байкеси. Байкеси келгенде күн апачык эмес беле. Эми көрбөйсүңбү өчөшкөнсүп күн төгүп кеткенин. Машина күрүлдөп буларга жакындаганда Абылдын байкеси алиги шофёр менен сүйлөшүп, өз машинасына чиркеди. Улам жулкуп жатты. Бирок эч арга болбоду.

Мурат ушул тапта көрүнбөй калган. Көрсө, машина тартып чыгаралбасына көзү же-

тип, трактор издеп кетиптир. Аңгыча төмөнтөн дарылдаган трактордун үнү чыкты. Ылай, дөңдү тоотпой келатат. Жакындаганда гана ичинен Мурат башын чыгарып күлүп койду. Машинаны чиркеп бир эле тартканда камырдан кыл сууругандай сууруп чыкты.



## КАНТИП АЙТАБЫЗ?..

Менин бөбөгүм менен чогуу тамактанып жатканда апам мага:

— Зыяда, тамагыңды ичип бүткөндөн кийин үйдү шыпырып-тазалап, идиштерди ысык суу менен жууп кой, — деп катуу эскертти. Апамдын айтканын кантип аткарбай коёюн. Бөбөгүм экөөбүз дароо үйдү шыпырып, бир сыйра тазалап чыктык. Жаңы эле чыныны алып суу куюп жууюн десем, бөбөгүм ыргыткан топ колума тийип, чыным ыргып эки-үчкө бөлүнүп калды. Заматта бөбөгүм экөөбүз бири-бирибизди тиктеше калдык. «Урушканда эмне, сынаар чыны сынды»,— деп ичимде өзүмдү өзүм сооротттум.

Сыныктарды чогултуп катып коюп, калган идиштерди жууп-тазалап өз ордуларына жайгаштырдым. Кечинде саандан апам келди. Чай кайнатып даярдап койгом. Дасторкон жайылып, бөбөгүм бөжүрөп май, нан, кант, чыныларды ташып жүрүп, чай демдеп жаткан мага келип ыйламсырап шыбырады:

— Эми чынымы сындырганды апама кантип айтабыз?

— Айтпайбыз, — дедим мен.

— Болбойт го ..— Бөбөгүм кыйыла түштү. — Акыры билет да.

— Билбейт.

— Жок. Мен айтайын, сен корксоң.— Ал чечкиндүү боло түштү. «Айтпайбыз» деп аны сынап атайы айткам. Бөбөгүмдүн чынчылдыгына ичим жылый түштү.

Анан аны кучагыма кыстым да:

— Айтсаң айт, чынчылдык үчүн тил укпайбыз, — дедим күлүмсүрөп.



## ҮЙРӨТҮЛГӨН КӨЗУ

1947-жыл окшойт. Эми эсиме келди. Ошол жылы кар оор түшүп, колхоздо чөп жок. Короо-короо койлор кырыла баштады. Бекер өлгүчө деп үй-үйлөргө бөлүп беришкен. Мен анда алты-жетидеги кезим. Бизге да бир козу тийди. Бечара апасынан айрылгысы келбейт. А мен ага сөзгө түшүнө тургансып, «биздикине барсаң нан, чөп берем», — деп коём. Айткандай эле нан берип, жүгөрү берип, айтор, багып жүрөм. Анан калса тим эле көзгө татынакай көрүнөт. Дайыма ойносом да, бассам-турсам да мени ээрчип алат. Бир күнү төмөнкү көчөдө чүкө ойноп калдык. Мен чүкөгө алаксып козумду унутуп коюпмун. Аны ошол көчөнүн иттери кууп кетиптир. Оюн таркаганда гана козу эсиме түштү. Жүрөгүм болк этип чочуп кеттим. Ар кимден издеп сурамжылап жүрдүм. Деле көрдүм деген киши жок. Кеч кирип кетти. Үйгө да келип жеттим. Таянем козуну сурап да койбойт. Мен эми айылдын үстүнө чыгып издедим. Жок, көрүнбөйт. Түн кирди, дале жок. Издебеген, барбаган жерим калбады. Жедеп чарчаганда ыйлап-ыйлап үйгө келдим. Таянем алдыман тосо чыкты.

— Каякта жүрөсүң?! Мен сени издеп чар-

чадым,— деп урушуп кирди. Анан менин ыйлаган кебетемди көрүп:

— Эмне, сени бирөө урдубу? Ким ал! Айтпайсыңбы, — деп ого бетер ачууланды. А мен, козумду издеп жүргөнүмдү айтсам, камырабай туруп гана:

— Козуң жерге кирсин. Сени жоктоп үйдү айлана издеп маарай бергенинен нары чөптүн түбүнө байлап койдум, — дейт. Кан-



дай чуркап жеткенимди билбейм. Барсам, ал капарсыз ары карап алып мыйтың-мыйтың этип кепшеп жатат. Кучактап жыгылдым. Анан а да тура калып мекиренип мени жыттагылап коёт. Козум аман экендигин көргөндөн кийин тынч уйкуга кирдим. Күндөр өтүп жатты. Козум чоңойду. Эми мени жыгып кетчү болду. Жаз да чыкты. Эми шефке берилген кой-козуларды жыйнап жүрөт деген кабар тез эле тарады. Бир-эки чоочун адам, анан башкарма биздин үйдүн жанына бастырып келишти. Башкарманы гана тааныйм. Анткени ал киши ары-бери өткөндө биздикине кайрылып таянеме учурашып өтүүчү. Ошол таныбаган эки кишинин бирөө чөнтөгүнөн дептерин алып чыгып, «Бүбүштө бир козу» деп окуп койду. Мен эми алып кетерине көзүм жеткенде козумду кучактап:

— Бербейм! Бул биздики! Мен баккам! — деп ботодой боздоп ыйлап жибергенимде башкарма:

— Жөн койгулачы. Жалгыз кемпир, жалгыз бала. Бул да оңбогон согуштун кесепети. Болбосо...

— Жөн койгулачыңыз кандай?! — Жаңы келген завферма одураңдады.

— Ээ, жигит бир кезде бу кемпирдин беш баласы болгон. Бешөө тең ушу согушта

апат болушкан. Эми минтип кызынын баласын белине таңып оокатын өткөзүп жатат. Оокаттарын кылышсын. Өлгөн козулардын бири кылып чийип кой. Козунун кулагындагы номерин алгыла,— деди. Мен ат үстүндө күлүмсүрөп карап турган башкарманы атамдай көрүп, кыялымда эмне деген ыраазычылыгымды айтаарымды билбей козуну кучактаган калыбымда кубанычтан чыккан көз жашымды аарчыдым... Үч атчан алыстап-алыстап баратты.



## МАЗМУНУ


Жаза . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Ар кимдин өз орду бар . . . . . . . . . 3
Жаңы туфли . . . . . . . . . . . . . . 5
Морт көйнөк . . . . . . . . . . . . . . 6
Розадай кызарганда . . . . . . . . . . 8
Унутчаак . . . . . . . . . . . . . . . 10
Жатып алган мышык . . . . . . . . . . 11
Киши эмесмин . . . . . . . . . . . . . 12
Көк асман . . . . . . . . . . . . . . . 13
Текени да коркутат . . . . . . . . . . 15
Ат минүү . . . . . . . . . . . . . . . 18
Ак бантик . . . . . . . . . . . . . . . 20
Таарынып калдыбы? . . . . . . . . . . 22
Футболист коңуздар . . . . . . . . . . 24
Таргыл мышыктын түрү . . . . . . . . . 26
Трактор . . . . . . . . . . . . . . . . 28
Кантип айтабыз? . . . . . . . . . . . . 30
Үйрөтүлгөн козу . . . . . . . . . . . . 32



*Азимкан Маделиев*

**БЕЛЫЙ БАНТИК**

Рассказы

Для детей дошкольного возраста

*На киргизском языке*

Издательство «Мектеп»

Редактору *Ш. Шукуров.* Сүрөтчүсү *А. Дуванаев.* Сүрөт редактору *Б. Жайчибеков.*
Техн. редактору *В. Комерова.* Корректору *Э. Маматкожоева*

ИБ № 3584

Терүүгө 09.04.86. берилди. Басууга 04.10.86. кол коюлду. № 2 офсет кагазы. Кагаздын форматы 70×90¹/₁₆. Фото жолу менен терилди. «Мектеп» ариби. Түстүү ыкма менен басылды. 2,5 физ. басма табак. 2,92 шарттуу басмз табак. 2,73 учёттук басма табак.11,68 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 11000. Заказ № 2093. Баасы 20 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети.
Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

20 т.

0,61

